PepsiCo Адам укуктары умуш кылуучу орундар эрежеси

PepsiCo жумуш кылуучу орунда жумушчуларыбыздын абийирин кадырлайт жана биз жолдошторубуздун өздүк коопсуздукка, коопсуз, таза жана пайдалуу жумуш кылуучу орундар жана кысымчылык кылуу же ар түрдүү кордоодон сактоо укугуна кепилдик берүү үчүн кызмат кылабыз.

Биз жолдошторубуз менен эмгек акы, пайда жана кызматтын башка шарттары боюнча адилеттик кылып, ак ниеттүүлүк менен мамиле кылабыз жана жолдошторубуздун бирикме эркиндиги укугун тааныйбыз. Биз эрксиз эмгек кылууга же баланы мажбурлап иштетүүгө жол бербейбиз.

Биз кодулоого мүмкүндүк бербейбиз жана бардык жолдоштор үчүн тең мүмкүнчүлүктү сактоо максатында кызмат кылабыз.

Биз бардык колдонуучу укуктук нормалар, эрежелер жана башка жумуштуулук үлгүлөрүнө, кайда болбосун иштегенде же аракет кылганда моюн сунабыз.

Бул эрежелерди сактоо үчүн өнөктөштөрүбүздү, жабдып туруучуларды, көтөрмөчөөчүлөрдү жана сатуучуларыбызды колдойбуз. Биз адам укугун коргоо боюнча жактоочулугубузду ортоктош башкалар менен иштешке салмактуу наркты коёбуз.

Нускоолор жана Аныктамалар

Нускоолор

Чөйрө: Эреже бардык PepsiCo жолдошторуна тийиштүү болот.

Минимум үлгү: PepsiCoнун бардык аракеттери жергиликтүү мыйзам жана жоболорго ылайык келүү керек. Бул эреже ылайык келген жергиликтүү мыйзам жана жоболор болбогон кезде сакталууга тийиш.

Кайра басылган: Январь 2009

Аныктамалар: Бул аныктамалар биздин нарк тууралуу эсеп берүү, жүрүм-турум кодекси, жана ар түрдүүлүк, айланадагы чөйрө, саламаттык жана коопсуздук, эмгек, жана кадр саясаты сыяктуу ылайыктуу PepsiCoнун же бөлүмдүн башка эрежелери менен бирге түшүндүрүлүүгө милдеттүү.

Адам укуктары үч чөйрөнү ичине алат:

1. Кадырлоо: өздүк коопсуздук; кысымчылык кылуу же ар түрдүү кордоодон сактоо; бирикме эркиндиги.

2. Тең укуктуулук: жаш, жыныс, раса, түс, дин, өзүн жыныс боюнча баалоо, улуттук теги, жыныстык ориентация, эмгекке жараксыздык, ветеран мартабасы, кош бойлуулук мартабасы же колдонулуучу улуттук, мамлекеттик же жергиликтүү мыйзамдар тарабынан корголгон башка ар кандай айырмачылык жөнүндө тең мүмкүнчүлүк берет.

3. Иш кадыры: адам жумуш кылуу үчүн шарттар; жумушчу саламаттыгы жана коопсуздугу; эрксиз эмгек кылууну же балдарды мажбурлап иштетүүнү жокко чыгаруу.

Бирикме эркиндиги: мыйзам жана шеркет эрежеси жана тартиптерине ылайык, жолдоштор өндүрүштүк максаттарда жыйналуу, байланыш жасоого жана уюмдаштырууга укуктуу болот.

Мажбурлап иштетүүнү жокко чыгаруу төмөндөгүнү билдирет: мажбурлап иштетүү же камалган кишилерди мажбурлап иштетүү мүмкүн эмес жана уруп-кыйнап жазалоо, тартип же көзөмөл ыкмасы катарында дене, жыныс, психологиялык же оозеки кордук көрсөтүүгө жол коюлбайт.

Балдарды мажбурлап иштетүү төмөндөгүнү билдирет: 15 жаштан кичине жашта болгон эч бир киши акы төлөнүүчү же акы төлөнбөчү ишти кошуп эсептегенде же толук толук эмес ишке эч бир максатта алынбайт.

Адам жумуш кылуу үчүн шарттар төмөндөгүнү билдирет: коопсуз, пайдалуу жана таза иш жагдайы, кадимкидей жарык кылынган иш станциялары, ичүүгө жарактуу суу, жарактуу ажатканалар, өрт чыкканда сактануучу жайлары жана өрткө каршы абдан керектүү жабдуулар, айланадагы чөйрөгө, өрт жана медицинага тийиштүүлөрүн кошуп эсептегенде, аварияны жоюуга жардам берүү үчүн бүт шайман жана аны толугу менен жоюуга мүмкүнчүлүктүн болушу.